**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗСТАН ИСЛАМ УНИВЕРСИТЕТИ**

**ГУМАНИТАРДЫК БИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ**

| **КАРАЛДЫ** | **БЕКИТЕМИН** |
| --- | --- |
| Окумуштуулар кеңешинин № 2 протоколу<br><br>"22" 12 2023-ж. | Кыргызстан ислам университетинин ректору: проф.<br>_______________ Нарматов А.И.<br>"22" 12 2023-ж. |

# СТУДЕНТТЕРДИ СОЦИАЛДЫК КОЛДОО ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ

Бишкек-2023

## I. Жалпы жоболор

**1.1.** Бул Жобо Кыргызстандын Ислам университетинин (мындан ары – КИУ) Уставына, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына жана жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу башка ченемдик укуктук актыларга ылайык иштелип чыккан.
**1.2.** Бул Жобо студенттерди социалдык жактан колдоо, алардын окууга болгон мотивациясын жогорулатуу жана жогорку билим алуудагы жетишкендиктерге жетүүсүнө көмөк көрсөтүү максатында иштелип чыккан.
**1.3.** Жобо университетте контракттык негизде окуган Кыргыз Республикасынын жарандары болгон студенттер үчүн окуу акысын төлөөдө жеңилдиктерди берүүнүн бирдиктүү системасын аныктайт, ошондой эле жеңилдиктердин түрлөрүн, өлчөмдөрүн жана берүү тартибин жөнгө салат.
**1.4.** Студенттерди социалдык колдоо – бул окуу акысынын белгиленген өлчөмүн пайыздык негизде төмөндөтүү аркылуу жеңилдик берүү болуп саналат.
**1.5.** Университет студенттерге социалдык колдоо көрсөтүүнү жана жеңилдик берүүнү атайын комиссиянын чечиминин негизинде ишке ашырат.
**1.6.** Социалдык колдоонун бардык түрлөрү, анын ичинде окуу акысына жеңилдик берүү маселелери атайын комиссия тарабынан каралып, университеттин Илимий кеңешинин бекитүүсүнө сунушталат.
**1.7.** Социалдык колдоонун түрлөрү, көлөмү жана шарттары университеттин финансылык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша аныкталат.
**1.8.** Бул Жобо төмөнкү студенттерге колдонулбайт:

- экинчи жогорку билим алып жаткандарга;
- кыска мөөнөттүү курстарда окугандарга;
- чет өлкөлүк студенттерге.

**1.9.** Өзгөчө учурларда университеттин уюштуруучулары бул Жобого кирбеген студенттерге да жеңилдик берүү жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу.

## II. Студенттерди социалдык колдоо боюнча комиссия

**2.1.** Социалдык колдоо боюнча комиссиянын төрагасы жана мүчөлөрү университеттин ректору тарабынан дайындалат.
**2.2.** Комиссиянын курамы жыл сайын жаңыртылышы мүмкүн.
**2.3.** Комиссия жылына эки жолу жыйын өткөрөт:

- күзгү семестр үчүн – 1-сентябрга чейин;
- жазгы семестр үчүн – 15-январга чейин.

**2.4.** Университеттин финансылык абалы өзгөргөн учурда комиссия кабыл алынган чечимди кайра карап чыгууга же жеңилдиктерди жокко чыгарууга укуктуу.
**2.5.** Комиссиянын төрагасы университет жетекчисинин буйругу менен дайындалат.
**2.6.** Жеңилдик берүү укугу комиссиянын сунушу менен берилет жана университет жетекчисинин тиешелүү буйругу менен бекитилет.

## III. Студенттерди социалдык колдоонун шарттары

**3.1.** Социалдык колдоонун негизги шарттары болуп төмөнкүлөр саналат:

- студенттин жакшы же эң жакшы окуусу;
- окуу тартибин сактоо;
- университеттин коомдук жашоосуна активдүү катышуу.

(Бул талаптар жетимдерге, толук жетимдерге жана республикалык деңгээлдеги жетишкендиктери бар спортчуларга колдонулбайт.)
**3.2.** Социалдык колдоо студенттин жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде берилет.
**3.3.** Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөн чыккан студенттер үчүн жеңилдик ата-энесинин социалдык коргоо органдарында каттоодо тургандыгын жана жөлөк пул алып жаткандыгын тастыктаган документтердин негизинде берилет.
**3.4.** Табигый же техногендик кырсыктар болгон аймактардан келген студенттерге (өкмөт тарабынан өзгөчө кырдаал деп жарыяланган) ата-энесинин материалдык чыгым тартканын тастыктаган документтердин негизинде бир жолку жардам көрсөтүлүшү мүмкүн.
**3.5.** Контракттык негизде окуган, ата-энелери университетте 10 жылдан ашык иштеген жана университеттин өнүгүшүнө салым кошкон студенттерге жеңилдик берилет.
**3.6.** Өзгөчө учурларда негиздүү себептер болсо, башка студенттерге да жеңилдик берүү каралышы мүмкүн.

## IV. Жеңилдиктердин түрлөрү жана өлчөмдөрү

| № | Категория | Жеңилдик | Негиз |
|---|---|---|---|
| 1 | Атасы жок | 50% | Илимий кеңештин чечими |
| 2 | Апасы жок | 25% | Илимий кеңештин чечими |
| 3 | Толук жетим | 100% | Илимий кеңештин чечими |
| 4 | I–II топтогу майыптар | 50% | Илимий кеңештин чечими |

| № | Категория | Жеңилдик | Негиз |
|---|---|---|---|
| 5 | III топтогу майыптар | 20% | Илимий кеңештин чечими |
| 6 | Ата-энеси КИУда иштеген | 100% | Илимий кеңештин чечими |
| 7 | ОРТ 165тен жогору (1-курс) | 50% | Илимий кеңештин чечими |
| 8 | ОРТ 185тен жогору (1-курс) | 100% | Илимий кеңештин чечими |
| 9 | Бир үй-бүлөдөн 2 студент окуса | 50% | Илимий кеңештин чечими |
| 10 | 3-семестрден баштап “эң жакшы” (95–100) | 75% | Кафедра сунушу |

**V. Жыйынтык жоболор**

**5.1.** Бул Жобо университеттин Илимий кеңеши тарабынан бекитилгенден кийин күчүнө кирет.

**5.2.** Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор белгиленген тартипте киргизилет.